УДК 347.635

Карабекова К.Ч.
*Жалал-Абад мамлекеттик университети*

# КЫРГЫЗСТАНДЫН БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНЫН ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮСҮНӨ КЫРГЫЗ ЭТНОПЕДАГОГИКАСЫНЫН КОШКОН САЛЫМЫ

*В этой статье написано о приаритетном развитии образовательной системы в Кыргызстане. Высказывания, мышления древних великих этнопедагогов в данное время очень влияют на развитие науки и образования.*

Кыргызстандын билим берүү системасында акыркы 20 жылдан бери реформалык иш-аракеттер жүрүп келе жатат. Реформалык иш-аракеттерди жүргүзүү үчүн, албетте, эл аралык колдоо көрсөтүү уюмдарынын жардамы зарыл. Жүргүзүлүп жаткан долбоорлордун натыйжасында мониторингдердин жыйынтыгы чыгып, ошонун негизинде Билим берүү министирлиги тарабынан билим берүүнү реформалоо муктаждыктары келип чыгууда. “XXI кылым - компьютердин кылымы” же “маалымат технологиясынын кылымы” аталып, жаш муундар жана мектеп окуучулары китеп окуудан четтеп кетишкендиги айтпаса да белгилүү. Мектеп окуучулары компьютердик маалыматтарга сугарылып, “мээге сиңими жок билимди” алып жатышат. 2014 – жылдан бери жүргүзүлүп келе жаткан “Биге окуйбуз” долбоорунун бир бөлүгү болгон “Башталгыч класстарынын окуу көндүмдөрүн баалоо” тренингдери жүргүзүлүп жаткандыктан. аз убакыт болсо да башталгыч класстын окуучулары үчүн оң таасирин берип, окуучулардын адабий окуусу үчүн мектептен жана үйдөн көзөмөл жүргүзүлүп жаткандыктан, көпчүлүк окуучулар өз алдынча китеп окууну өздөштүрө баштаганын белгилеп кетүүбүз керек.

Өлкөбүздөгү билим берүү системасында материалдык – техникалык базага, окуу программаларына өтө чоъ маани берип, адам ресурстарына анча маани бербегендейбиз. Муну ар бир билим берүүчү мамлекеттик жана жеке билим берүүчү мекемелерде лицензия алууда байкоого болот. Мамлекттин позициясы ошондой болгондугу үчүн мектептер да ошого карата ылайыкташат. Ошондуктан бүгүнкү күндө уламалуулук принциби өтө маанилүү. Айрым бир билим берүүчү мекемелерде, орто мектептерде бул принципти колдонуп келе жатышат, кейиштүүсү бул принципти колдонуп келе жаткан билим берүүчү мекемелер жана орто мектептер аз, ал эле эмес орто жана жогорку окуу жайларында да интрига көп болгондуктан билим берүү жаатында ак эмгектенип келе жаткан, жемкорлука малынбаган инсандарыбыздын эмгектери бааланбай келет. Бирок ошондой болсо дагы акыркы 20 жылдын ичинде Кыргызстандын билим берүү системасын реформалоодо эмнеге жетиштик? Бул - жемкорлукту жоюу максатында түзүлгөн жалпы республикалык тест (ЖТР). Бул тесттилөө - бай, кедей, чиновник, карапайым дебестен, бардыгынын балдары үчүн акыйкат атаандаштыкты камсыз кылган билимин сыноочу сынак жана жогоку окуу жайына өтүү үчүн сынак баллы жазылган сертификат.

Кыргызстанда билим берүү секторун реформалоону жалпы республикалык тестилөө менен гана реформаны олуттуу жүргүздүк деген ойдон алыс болуубуз керек. Тест менен окуучулардын билимин баалоо оперативдүү чукул убакытта билимин баалоого багытталып, окуучулардын жеке мүмкүнчүлүктөрүн, интеллектуалдык жөндөмүн ачып көргөзбөйт [“Шоокум” № 02 (102) 2015].

Азыркы педагогикада коомго кандай адам керек болсо, мамлекет кандай буйрутма берсе, ошондой сапаттагы адамдарды “калыптандыруу” педагогиканын максатына айланган. Азыркы жалпы билим берүүчү мектептерде тарбиянын максаты – инсандык акылдык, адептик, эмоционалдык, эстетикалык, физикалык жактан өстүрүү, анын чыгармачыл жөндөмүн, бардык мүмкүнчүлүктөрүн ачуу, ага гуманисттик мамилени

калыптандыруу, баланын жекече жөндөмүнүн өнүгүшүнө шарт түзүү, курак өзгөчөлүгүнө жараша иш жүргүзүү. Ар бир баланын жарандык аң – сезимин өнүктүрүү турмушка даярдоо, эмгекке тарбиялоо, социалдашууга көмөк көрсөтүү, демократиялык өзүн өзү башкарууга катыштыруу, Ата–мекендин, адамзаттын тагдырына жоопкерчиликтүү мамиле кылууга үйрөтүү, политехникалык, экономикалык, экологиялык, укуктук тарбия берүү.

Азыр бардык өлкөлөрдүн билим берүү системасынын тарбиялык максатынын тууралыгын диагноздоо мүмкүн эмес. Анын максаты туура коюлгандыгы ага жетишкендиги боюнча эч ким так маалымат айта албайт. Анткени кимге (кайсы мамлекетке) кайсы доордо эмне жакса ошол тарбиянын максатын аныктайт, бир мамлекетке бул максат туура көрүнсө, башка мамлекетке ал максат туура эмес көрүнөт. Бир мамлекетке бүтүрүүчүнүн бир модели образы абдан жагат, башкага ал жакпайт, натыйжада, парадокстуу окуялар көп болот. Азыркы тесттердин негизинде билим берүүнүн сапаты аныкталат, б.а., билим берүүнүн максаты жана өлчөмү – ОРТ (ЖТР) боюнча жакшы баага жетишүү болуп калды. Натыйжада, окуучулар рухий деградацияланып бара жатышат.

Ян Амос Коменскийдин пикири боюнча: “Мамлекеттин бүткүл негизи – өспүрүмдөрдү туура тарбиялоодон түзүлөт, тарбиянын үч максаты болот: өзүн жана курчаган дүйнөнүн таанытып билдирүү (акыл тарбиясы), өзүн өзү башкаруу (адептик тарбия), Кудайга умтулуу (диний тарбия). Мектеп баланы өз алдынча окуп түшүнө алган, Ыйык Библиянын негизинде аракет кылган, акыл–эстүү, жоопкерчиликтүү инсанды тарбиялаш керек.” Педагогикада тарбиянын биринчи эки максаты сакталып келе жатат, үчүнчү максаты коомдун өзгөрүшүнө жараша өзгөрүп келген. Совет доорунда ар тараптан гармониялуу өнүккөн коммунизмдин идеялына берилген инсан тарбиялаш керек болгон.

Цивилизацияга гректер байыркы доордо, ал эми жакынкы Орто Чыгыштагы, Орто Азиядагы көп элдер орто кылымда эле ээ болуп, тиричилик турмуштагы жалпы жоболорду өзүнчө ыраатка салып, философиялык, педагогикалык назарияттарды түзүп, китеп чыгарышкан. Ал эми биздин көчмөн элибиз андай илимий ойлорду эч качан өксүтпөй оозэки өнүктүрүп келген. Биз жогоруда кыскача үстүртөн кеп салган элдик фольклор ага күбө. Элдик жазма адабиятыбыздын сакталбагандыгынан, элдин сабаты жоктугунан ал чыгармалардын авторлорунун ысымы да дайынсыз. Ал авторлор эл арасындагы даанышмандар, акындар, ойчулдар, насаатчылар Чыгыш менен Батыштын маданияттуу элдеринин илимий назариятын түзгөн аалымдардын деңгээлиндеги тарбия-таалим теориясынын жазма эстеликтерин калтырбаганы менен, мазмуну жагынан алардан бай, логикалык ыраттуу, философиялык деңгээли бийик, залкар педагогикалык идеялардын системасын элдик оозеки чыгармаларда калтырышкан. Алардын көп залкар педагогикалык ойлору элдин тарбия тажрыйбасына сиңип кеткен [“Исламда үй-бүлө” II республикалык симпозиум. - Бишкек 2014].

Жумурай кыргызга аттын кашкасындай белгилүү ойчул насаатчылар элдик педагогиканы өнүгүшүнө өз салымын кошкон тарыхый инсандардын билим, таалим тарбия берүүдөгү ыр саптарын карап көрөлү.

*Калыгул Бай уулу (1785-1855).* Анын ысмы, олуялык кылып алдын ала айткан залкар ойлору эл арасында кеңири таркап, кыргыздын элдик педагогикасынын казынасына сиңип кеткен. Ал Орусиянын колониялык саясатынын натыйжасында, элдин жашоо турмушуна кирген өзгөрүүлөрдү, элдин бүлүнүүсүн, пейилдин бузулуусун пессимистик маанайда кабыл алып, төмөндөгүдөй ыр саптарын келтирген.

Алка жака салынган кийим чыгаар,
Акча кагаз пул болуп, тыйын чыгаар.
Айылын жоодон аңдыган жыйын чыгаар

Атасынан баласы кыйын чыгаар - деп ырдаган

*Арстанбек Буйлаш уулу (1840-1882)* өзүнүн кыска өмүрүндө кыргыздын башына түшкөн бир топ мүшкүлдөргө күбө болгон. Кокон хандыгынан элдин эзилгендигин, бугу-сарбагыш чабыштарын, Кененсарынын элге жасаган чабуулун, падышачылык Россиянын кыргыздарга кылган коллониялык саясатынын четин көргөн акын "Тар заман" ж.б. ырларында кыргыз элинин салт–санаасынын, үрп–адатынын, адеп–ахлакынын бузулгандыгына өксүгөн. Элди ынтымакка, сабырдуулукка үндөгөн.

Ушул заман зар заман
Азуулуга бар заман

Бечерага зар заман – деп элдин укуксуздугун, коомдук мамиленин адилетсиздигин көрсөткөн. Ошону менен бирге айлана чөйрөдөгү кырдаал элдин пейилин бузуп, зордук–зомбулукту күчөтөөрүн алдын ала айткан.

*Молдо Нияз (1820-1896)* – кыргыз жазма мурасынын көч башы, залкар акын насаатчы педагог. Кадамжай районундагы Шаймардан сайынын боюндагы айылда төрөлгөн. Окуп сабатсыздыгын жоюп, жашынан ыр жазган. Молдо Нияз Арка менен Анжияндын бүт кыргыз айылдарын, атүгүл, кытайлык кыргыздарга чейин кыдырып ырларын окуп берген.

Молдо Нияз кыргыз, араб, фарси, эски түрк тилдерде сабаттуу жаза алган, философиялык терең ойду айта алган насаатчы катары Кокон хандыгына кеңешчи болуп кызмат өтөгөн, мартабасы бийик инсан болгон. Анын билимдүүлүгү, акындык–насаатчылык дарамети, кыргыздын хандары, бектери, байлары, баатырлары менен алакада болуп, алардан жакшы сый урмат көрүүсүнө өбөлгө түзгөн. Буга акындын

"Көрдүм жүрүп далайды
Каратегин, Алайды
Кашкар менен кабакты
Көп көрдүм эшен-калпаны
Ат – Башы менен Арпаны,
Миң жылкылуу байлардын,
Мингенмин жакшы жоргосун
Кашкарга кирип көргөнмүн" – деген ыр саптары күбө.

*Молдо Кылыч Шамыркан уулу (1866-1917)* - кыргыздын жазма акыны. Ал ошол учурда дин жолун түзүк түшүнгөн Саяктан чыккан белгилүү Модо Баяндан, Чүйдөгү Молдо Мамбетаалыдан, Ак молдо дегендерден азыноолак окуп сабатсыздыгын жойгон, өз алдынча аракеттенип китеп окууну, жазуунун жакшы өздөштүрүп алган. Өзүнүн окуусу, билими жөнүндө:

"Молдо Кылыч мен атым
Болжолу жок санатым
Чала чыккан башынан,
Чаар китептен сабатым
Жүрө – жүрө арбыган,
Казал жазган кагазым" – деп жазган.

*Жеңижок (Өтө) Көкө уулу (1860-1918)* - сөз берметин шуурудай тизген ак таңдай акын, насаатчы. Анын чыгармаларынын топтому элден жыйналып, 1982–жылы биринчи жолу жарык көрдү. Жеңижок адамды жаратылыштын бир бөлүгү деп боолгоп баамдаган. Инсандын жетилүүсүндөгү тажрыйбанын, илимдин ролун туура түшүнгөн. Жаштарды туруктуулук менен турмушту үйрөнгүлө, адебиңерди сактагыла деп үгүттөгөн. Инсандын ыйманынын тазалыгынын пейилинин кеңдигинин, абийринин бийиктигинин булагы – пешене тер, ак эмгек деп эсептеген Жеңижок:

Ак мээнеттин пайдасы
Акыры барып ирденет
Эрте туруп иш кылсаң
Элден ишиң бат бүтөт
Эр жигиттин жакшысы
Эгин эгип мал күтөт – деп ырдайт.

*Токтогул Сатылган уулу (1864-1933)* кыргыздын улуу демократ акыны, даанышман, ойчул, насаатчы, педагог. Кетмен–Төбө өрөөнүндө туулган. Бала кезинен ырдаган, чоң комузчу, обончу.

Токтогул жемекейлердин суктугунун, мыкаачы зулумдугунун бетин ачып, эл

бийлеген төбөлдөрдү калыс, айкөл, адептүү болууга үндөп ырдаган.

Ал өзүнүн көптөгөн санат, насыят, үлгү, термелеринде адамдагы терс сапаттарды: жатып ичээр жалкоолукту, кара ниет аңкоолукту, ичи тар көрө албастыкты, кара мүртөз кекчилдикти, алдым-жуттум ач көздүктү, намыс–ариетти билбеген адепсиздикти, наадандыкты жектеп ырдаган. Ошону менен бирге жаштарды жигердүү эмгектенип, эл камын көрүп, адептүү, ак ниет, айкөл, мээрман болууга чакырган. Токтогулдун бул ырларынын ар бир сабы балдарды тарбиялоодогу элдин мүдөөсүн, элдик педагогиканын идеалдарын көркөмдөп чагылдырат. Ал өзүнүн насыяттарында:

“Дениң соодо эринбей, Жакшы азамат түрдөнүп,
Бекерликке берилбей, Жалбырттаган жалындай.
Эркиң менен жумуш кыл Өзүн – өзү асырайт,
“Ээринчек, жалкоо” дедирбей. Уурулука малынбай - деп, адам качан гана элдин жүгүн көтөрүп, өзүнүн зоболосун пешене тери менен көкөлөтсө, ар кандай жамандыктан оолактап, чыныгы инсандык касиетке ээ боло аларын айгинелеп көрсөтөт.

*Тоголок Молдо-Байымбет Абдырахман уулу (1860-1942)* - кыргыздын улуу акыны, иштиктүү педагог. Анын ырчылык, жомокчулук дараметин, педагогикалык ой–толгоолорун ашкерелөөгө арналган изилдөөлөр арбын.

Тоголок Молдо жаштардын акылын жетилдирүүнүн эмгек менен бирдей маанидеги каражаты – окуу, билим алуу экендигин туура аңдап түшүнүп, аларды окуп, сабатсыздыгын жоюуга активдүү киришүүгө үндөп:

“Ордунда болот акылың Үйүңдө бекер жатканча,
Окусаң өнөр кат жакшы. Үйрөнсөң илим кат жакшы” – деп жазат.

*Барпы Алыкул уулу (1884-1949)* - кыргыз элинин залкар акындарынын бири. Барпы кыргыз пейилин таанып, элди алдап, букараны эзип, адеп–ахлагы бузулган текеберликти, куулук–шумдукту, ыймансыздыкты айыптап, элибиздин алдыңкы прогрессивдүү ата салтын, үрп–адаттарын даңазалап, эмгекчил болууга үндөгөн ак таңдай насаатчы педагог. Объективдүү дүйнөнүн диалектикалык мыйзам ченемдүүлүгүн акыл калчап туура аңдаган.

“Айт айт десе ааламды айт,
Аалам алга кадамдайт.
Ар түркүн өнөр чыгарган,
Ааламдагы адамды айт” – деп аалам тууралуу баяндайт. Замандын акыйкатсыздыгы, байларга кошоматчы болгондон көрө, күчтү топтоп, эл алдында башты бийик көтөрүп, элге дем–күч болуу керек.

“Бай камчысын көрсөтөт Өзүңдөй карып көрүнсө
Жетилген жетим, коркпогун. Айланаңа топтогун”

*Сагымбай Орозбак уулу (1867-1930), Саякбай Карала уулу (1881-1971)* бабалардын уулу мурастарын элдик көркөм оозеки чыгармаларды жан дили менен, ынтаа коюп угуп үйрөнүп алышкан куйма кулак жомокчулар. Оозунан “Манас” эпосунун шурудай тизилген уйкаштары чубурган, элден чыккан таланттуу манасчылардын улуу салтын ыйык тутуп сактаган устаттардан сабак алган Сагымбай менен Саякбай, ондогон кылымдар бою өсүп – өрчүп келаткан элдик көркөм ой жүгүртүүнү аң–сезимдин бай салтын бүгүнкү кыргыздардын коомдук эстетикалык жана педагогикалык ой жүгүртүүсү үчүн эталон кылып берүүгө жетише алган алп сүрөткер элдик педагогдор.

*Аалы Токомбай уулу (1904-1986)* кыргыз элинин чыгаан акындарынын бири, даңазалуу жазуучу, элибиздин балдар адабиятын негиздөөгө жана анын өнүгүшүнө өз салымын кошкон даанышман насаатчы, элдик педагог.

“Билбегенди билдирген Көрбөгөндү көргөзгөн
Китеп менин акылым Көздөй тунук жакыным” -

окурмандарга китепти даңазалаган. Ар бир адам табият тарабынан бары – жогу шайкеш жаралган. Анын инсандык сапаттарынын өсүп жетилүүсүнө жана зоболосунун көкөлөп бийиктегенине эч кандай чек жок. Ал чекти адам болууга умтулулуп аракеттенбеген пенде өзүнө өзү коёт деген педагогикалык идеяны бекемдеген ыр саптары көп кездешет:

“Адамзат бир гүл турмушта Гүл күбүлүп бүткөнчө
Көп жашабайт жол кыска. Учуу керек жылдызга”- деген

оптимизмге жык толгон ой чабыттары менен акын көптөгөн жаштардын илим майданындагы ийгиликтерине дем берди.

*Түгөлбай Сыдыкбек уулу (1912-1997)* - Түп районундагы Кең–Суу айылында төрөлгөн. Өзүнүн эң алгачкы ырлары жана аңгемелеринен баштап дастан, романдарга чейинки чыгармаларында кыргыз элинин кылымдарды карыткан тарыхындагы, кайгыт-муңду, кубаныч–шаңдуу кайчылаш тагдырын, нарк–нускалуу каада-салтын, башка элдерден ташка тамга баскандай өзгөчөлүгү менен айрымаланып турган улуттук психологиясын өтө билгичтик менен реалдуу чагылдыра алган чоң жазуучу, чебер насаатчы, ишкер педагог.

*Чыңгыз Айтмат Төрөкул уулу (1928-2008)* - Талас дубанындагы Шекер айылында төрөлгөн. Төгөгөрөктүн төрт бурчуна аттын кашкасындай таанымал жазуучу, даанышман ойчул педагог. Анын тарбия, таалим жөнүндөгү ой толгоолору кыргыздын элдик педагогикасынын идеяларынан азыктангандыктан, окурмандарга өтө жеткиликтүү, таасирдүү жана жугумдуу.

Жаш жеткинчектерге тарбия, таалим берүүдөгү кыргыз элинин залкар педагогикалык идеяларын жана бай тажырыйбасын жаамы адамзаттын өткөн муундарынын керээз кылган ыйык мурасы катары чеберчилик менен көркөмдөп баян өтүүдөгү ийгилиги Чыңгызды дүйнө элине даанышман педагог катары таанытты.

Адабияттар:

1. Апыш Б., Бабаев Д., Жоробеков Т. Педагогика. – Бишкек, 2002.
2. “Исламда үй - бүлө” II республикалык симпозиумдун материалдары. – Бишкек, 2014.
3. “Шоокум” Илим турмуш жана маданият журналы. № 02 (102), февраль, 2015.